# С. НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ БАСКАН ЖОЛ

Бүгүн Теңир-Тоодогу билим берүүнүн, илимдин жана маданияттын очогуна айланып отурган **С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин** ачылуу убагы доор алмашып жаткан башаламан мезгилге туш келди. XX кылымдын соңунда дүйнөлүк алкакта терең коомдук-саясий өзгөрүүлөр жүрдү. Ал негизинен кубаттуу өлкө болгон СССРдин чачыроосуна жана анын негизинде жаңы эгемендүү мамлекеттердин түзүлүүсүнө байланыштуу болду. Мына ушул процесстин түздөн-түз натыйжасында Кыргызстан көз карандысыздыкка ээ болуп, өз алдынча өлкө катары өз арабасын өзү тарта баштады. Өз алдынчалыкка жетишүү бир караганда тарыхый жактан чоң жетишкендик болгону менен ал жаш республиканын алдына чоң кыйынчылыктардын топтомун койду. Кыргыз ССРи мурунку чоң союздун курамында турганда көптөгөн маселелер борбордон чечилип, эл чарбасынын тармактарынын өнүгүүсү ишенимдүү каржылык булактарга таянчу. Союздук республикалар ортосунда маданий, экономикалык байланыштар күчтүү эле. Эгемендүүлүккө ээ болор замат бардык байланыштар үзүлүп, эл чарбасынын ар кыл тармактарынын өнүгүүсүндө кризистүү жагдайлар башбактады. Мына ошол кризистик кырдаалдан чыгуу үчүн эгемен өлкөнүн жетекчилери акылы жетишинче, колунан келишинче аракеттеништи. Ал ишмердүүлүк канчалык натыйжалуу жүрдү жана жүрүп жатат, иликтөө келечектин иши, бизге тиешелүү жагы – ошол өз алдынча чарба жүргүзүү саясатынын алкагында жаш республикабызда көптөгөн жогорку окуу жайлар түзүлдү. Республикабыздын булуң-бурчунда ачылган жогорку окуу жайлар ошол коогаландуу мезгилде өсүп келаткан жаштар катмарын деградациядан сактап калды, алардын билим алуусуна, кийин турмуштан ордун таап кетүүсүнө өбөлгө болду. Ушундай озуйпаны аркалаган жогорку окуу жайлардын ичинде Нарын мамлекеттик университети дагы бар. Биздин окуу жайыбыз 1996-жылдын 22-майында Кыргыз Республикасынын

Президенти А. Акаевдин № 172 Жарлыгы менен ачылган. Төмөндө ошол жарлыкты толугу менен келтиребиз.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН**

**ЖАРЛЫГЫ**

**Нарын мамлекеттик университетин түзүү жөнүндө**

Нарын облусунун билим берүү системасын андан ары өнүктүрүү, окуу-илимий потенциалын концентрациялоо максатында, адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуу кызыкчылыгында, ошондой эле облустун экономикалык жана социалдык өнүктүрүү керектөөлөрүнөн чыгып, **токтом кылам:**

1. Нарын шаарында жайгашкан Нарын айыл чарба техникумунун, К. Мамбетакунов атындагы педагогикалык окуу жайынын, облустук мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу институтунун жана Кыргыз архитектура, курулуш институтунун филиалынын базасында Нарын мамлекеттик университети түзүлсүн.

2. Нарын мамлекеттик университетин каржылоону Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги көрсөтүлгөн окуу мекемелерине бөлүнүүчү каражаттардын чектеринде, ошондой эле Нарын облустук мамлекеттик администрациясы менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ортосунда кол коюлган келишимге ылайык жүзөгө ашырары аныкталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бир айлык мөөнөттө Нарын мамлекеттик университети жөнүндө жобону иштеп чыксын жана бекитсин, каржылоонун булактарын, эмгек акы төлөө шарттарын, тиешелүү министрликтер менен өз ара мамилелер принциптерин аныктасын жана университеттин иштөөсүнө байланышкан башка маселелерди чечсин.

4. Бул Жарлыктын аткарылышына көзөмөл кылуу Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын социалдык саясат бөлүмүнө жүктөлсүн.

5. Жарлык кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаев

Бишкек ш., Өкмөт Үйү, 1996-жылдын 22-майы, ПЖ № 172.

Президенттин Жарлыгынын мазмунунан көрүнүп тургандай, университет жайдак жерге эле уюшула калган жок. Анын түптөлүшүнө омоктуу негиз болуп берген атайын орто окуу жайлар Теңир-Тоо жергесинде мурунтан эле ишмердүүлүк жүргүзүп келишкен. Алсак, **Нарын айыл чарба техникуму** 1938-жылы алгач бир жылдык айыл чарба мектеби болуп түптөлүп, кийин, 1948-жылы айыл чарба техникумуна айлантылып, мал киндиктүү жергебиз үчүн өтө керектүү ветеринария, зоотехния, агрономия жаатындагы адистерди даярдоонун үстүнөн иштеген. Ал эми **Нарын педагогикалык окуу жайы** 1939-жылы ачылып, ошондон бери аймактын орто мектептери үчүн атайын орто билимдүү педагогикалык кадрларды даярдоону жүзөгө ашырып келген. Мына ушул окуу жайдын базасында 1951-жылы **Гоголь атындагы мугалимдерди даярдоочу эки жылдык институт** уюшулуп, өз ишин баштаган. Ушул институт кийин облустук мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтуна айлантылып иш жүргүзгөн. Жогоруда эскерилген билим берүү мекемелери жалпы Кыргызстандын, анын ичинде Нарын облусунун калкынын заман талабына ылайыктуу билим алуу, кесипке ээ болуу муктаждыгын чечүүнүн үстүнөн күрдөөлдүү иш жүргүзгөн. Кийинчерээк, 1995-жылы Нарын шаарында **Кыргыз архитектура, курулуш институтунун филиалы** ачылган.

Университетибиз так ушул аты аталган билим берүү мекемелеринин базасында уюштурулган. Анткени, жогорку окуу жайынын иштөөсү үчүн тиешелүү имараттар, окуу корпустары, материалдык-техникалык база зарыл. Эгер түп-тамырынан жаңы окуу жайын түзүү керек болсо, анда адегенде дал ушул зарыл базаны түптөө, имараттарды куруу, аларды жабдып чыгуу керек болмок. Буга болсо жаңыдан тамтуң кадам таштаган жаш республиканын дегеле алы-күчү жетмек эмес. Биз окуу жайыбыздын тарыхындагы ушул жагдайды – университеттин түптөлүүсүнө негиз болгон тунук башаттар советтик мезгилде уюштурулуп, иштеп келген атайын орто окуу жайлар экенин эч убакта эстен чыгарбоого тийишпиз.

Университеттин түзүмдүк курамы билим берүү процессинин муктаждыктарына жараша үзгүлтүксүз өзгөрүүлөргө учурап турган. Колдогу документтерге караганда жана университетти түптөөгө катышкан кесиптештерибиздин айтуусунда, окуу жайы жаңы ачылган 1996-жылы анын түзүмдүк курамында үч кафедра – **социалдык-гуманитардык билимдер, табигый-техникалык билимдер, тилдер кафедралары** гана болгон. 1997-жылы 27-августта ректор Ж.М. Жаманкуловдун №54 Буйругу менен университеттин түзүмүндө өзгөрүүлөр жүрүп, **табигый-гуманитардык, экономика-юридикалык** жана **агрардык-техникалык** факультеттер уюштурулган.

Табигый гуманитардык факультеттин курамында **тилдер кафедрасы, педагогика жана психология кафедрасы, математика жана информатика кафедрасы** болгон. Экономика-юридикалык факультеттин курамын **экономика кафедрасы жана укук кафедрасы** түзгөн. Ал эми агрардык-техникалык факультеттин курамына **табигый-техникалык дисциплиналар кафедрасы** кирген. Бул кафедра 1997-жылы 2-сентябрда ректор Ж.М. Жаманкуловдун №4-1 Буйругу менен экиге ажыратылып, **техникалык дисциплиналар кафедрасы** жана **табигый дисциплиналар кафедрасы** уюштурулган. Ушул эле 1997-жылы 10-ноябрда ректор Ж.М. Жаманкуловдун №67 Буйругу менен **математика жана информатика кафедрасы** агрардык-техникалык факультеттин карамагына өткөрүлгөн.

Кийинки ректор А.А. Акматалиевдин 1999-жылдын 10-августундагы №58/12 Буйругу менен агрардык-техникалык факультетте **электроэнергетика кафедрасы** уюштурулган. Ректор А.А. Акматалиевдин 2000-жылдын 25-августундагы №42-2/12 Буйругу менен факультеттин курамына **жол кыймылын уюштуруу, айыл чарба өндүрүшү кафедралары** кошулган.

Экономика-юридикалык факультет 2000-жылдын 22-августунда ректор А.А. Акматалиевдин №4/12 Буйругу менен өзгөртүп түзүүгө дуушарланып, натыйжада анын ордуна **экономика факультети** жана **юридика факультети**

уюштурулган. Муну менен университеттин факультеттеринин саны бешке жеткен. Жогорку буйрукка ылайык экономика факультетинин курамында **каржы жана насыя кафедрасы, бухгалтердик эсеп жана аудит кафедрасы** түзүлгөн. Ал эми юридика факультетине **жарандык укук жана процесс, кылмыш укугу жана процесс кафедралары** кирген.

Ушул эле жылы табигый-гуманитардык факультет экиге ажырап, **филология факультети** түзүлгөн болчу.

Университетте адистерди даярдоо багыттары арбыган сайын кафедралардын саны уламдан улам көбөйүп отурган. Алсак, 2001-жылы 3-сентябрда ректор А.А. Акматалиевдин №124-1/12 Буйругу менен табигый-гуманитардык факультетке караштуу педагогика жана психология кафедрасынын базасында эки кафедра – **педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы, педагогика жана психология кафедралары** түзүлгөн. Ушул эле буйрук менен экономика факультетиндеги кафедралардын саны үчкө жеткирилген – **каржы жана насыя, бухгалтердик эсеп жана менеджмент, экономика кафедралары.**

Ректор А.А. Акматалиевдин 2001-жылдын 6-июлундагы №1/12 Буйругу менен университеттин факультеттеринин катарына дагы бир жаңы түзүм – **жаңы маалыматтык технологиялар факультети** кошулган. Мунун курамына **жаңы маалыматтык технологиялар, математика жана информатика** кафедралары киргизилген. Ректор А.А. Акматалиевдин 2001-жылдын 3-сентябрындагы №124-2/12 Буйругу менен жаңы маалыматтык технологиялар факультетинин курамын төрт кафедра – **математика жана информатика, жогорку математика, маалыматтарды иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системалары, информатика жана эсептөө техникасы кафедралары** түзүп калган.

Мезгилдин алга жылуусуна жараша коомдо өзгөрүүлөр жүрүп, анын натыйжасында университеттин билим берүү ишмердүүлүгүнө тиешелүү түзөтүүлөр кирип турду. Алсак, 2003-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому менен Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясы

түзүлүп, өлкөбүздүн аймактарындагы жогорку окуу жайларда жарыша ачылган юридикалык адистиктердин студенттери ушул окуу жайга топтоштурулду. Натыйжада НМУнун юридика факультети жабылды.

Кийинки жаңылануударга көз чаптырсак, ректор А.А. Акматалиевдин 2004-жылдын 21-сентябрындагы №127-1/12 Буйругу менен филология факультетинин базасында **чет тилдер факультети** түзүлгөн. Ал эми 2006-жылдын 25-августунда ректор А.А. Акматалиевдин №01-12/96 Буйругуна ылайык **маалыматтык технологиялар, экономика жана башкаруу факультети** уюштурулган. Филология факультети менен чет тилдер факультети кайрадан бириктирилип, **тил таануу факультети** болуп аталып калган.

Мезгил талабы ага ылайык түзүмдүк өзгөртүүлөргө барууну шарттап, университеттин түзүмү 2009-жылдын 4-сентябрында ректор А.А. Акматалиевдин №01-12/72 Буйругу менен дагы бир ирет өзгөртүлүп, натыйжада ал төрт факультеттен туруп калган – **агрардык-техникалык жана педагогикалык факультет, маалыматтык технологиялар, экономика жана башкаруу факультети, тил таануу факультети, үзгүлтүксүз жана аралыктан билим берүү факультети**. Агрардык-техникалык жана педагогикалык факультеттин курамына **педагогика жана окутуу технологиясы, табигый-илимдик дисциплиналар, техникалык дисциплиналар кафедралары** кирген. Маалыматтык технологиялар, экономика жана башкаруу факультети **экономикалык дисциплиналар, математика жана маалыматтык технологиялар, тарых, философия жана мамлекеттик башкаруу кафедраларынан** түзүлгөн. Ал эми тил таануу факультетинин курамы **чет тилдери, тилдик дисциплиналар, факультет аралык дисциплиналар кафедраларынан** турган.

2009-жылы университеттин тарыхында маанилүү окуя болду. Биздин жогорку окуу жайга кыргыз элинин алгачкы агартуучуларынын, окумуштууларынын бири, жазуучу-котормочу **Сатыбалды Нааматовдун ысымы ыйгарылды**